## Канат Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектеби

## 2020-2021 - окуу жылынла ата-энелер менен бирликте аткарылган иштерге анализ

Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн- түз таасирин тийгизет.
Сентябрь айынан баштап жыл аягына чейин мектеп менен ата-энелердин байланышы тыгыз болуп көп иш чаралар аткарылды.
Сентябрь айында жалпы ата-энелер менен чогулуш өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы жагынан начар болуп жаткандыгы айтылды.
Окуучулардын формасы, тазалыгы,тартиби жөнүндө сөз болду. Мектепте кыздар жана балдар үчүн бирлей форма кабыл алынып, окуучуларды форма, окуу куралдары менен камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилди. Ата-эне, мугалим,окуучу тарабынан үч тараптуу келишимдер түзүлдү. Мектеп боюнча ата-энелер комитети түзүлүп, мүчөлөрү жана төрайымы Бектурганва Гулиза шайланды.
Октябрь айында кылмыштуулукту алдын алуу максатында тартиби оор, үй-бүлөдө ата-энеси башка жакка иштеп кеткен, томолой жетим балдардын үйлөрүнө рейддерди жүргүзүп, көзөмөл кылып туруу үчүн атайын комитет түзүлдү. Мектеп мезен тыгыз байланышта болуу үчүн ата-энелерди катыштырган иш чаралар өтүп турары белгиленди.
Сабакка келбей, сабактан качкан окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.
Класстарда ар бир ай сайын ата-энелер жыйналыштары өтүлүп, окуучулардын сабакта жетишкендиктери, кемчиликпери, тартиби жөнүндө талкуулашты.
Ноябрь айында жалпы ата-энелер жыйналышы өтүлүп, мектепте камкордук кеңеши ачылды.
Камкордук кеңешинин мучелөрү, төрайымы шайланып, камкордук кеңешинин иши башталды.
Ар бир класста ата-энелер жыйналышы өтүлүп, балдарынын 1-чейрек боюнча билим сапаты, жыйынтыгы айтылды.
Декабрь айында кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ар бир класстын ата-энелер комитети чогулуп, окуучулар арасында налог салуу, зордук зомбулукту алдын алуу, болтурбоо чаралары боюнча иш чара өтүлдү.
Жаны жылдык "Балаты" майрамына катышып, балдарына белектерин берип, алар даярдаган концерттик майрамга күбө болуп кетишти.
Январь айында жарым жылдык жыйынтык чыгарылып, ата-энелер комитетинин билдирүүсү болду. Окуучулардын 2-чейрек боюнча билимдери айтылып, жетишпеген, сабакты көп калтырганокуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр болду.
Сабакты көп калтырып жаткан 7-класстын окуучусу Чыйбылов Саян_энеси менен, 6-класстын окуучусу Казаков Рысбектин_энеси менен сүйлөшүлүп, балдарынын сабакка катышуусуна көзөмөл болуусу, убагында жиберип туруусу милдеттендирилди.
Февраль айында ата-энелер Ата Мекенди коргоо күнүнө арналган иш чараларга катышууга чакырылып, билдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп кетишти.
Март айында 8-Март аялдардын Эл аралык күнүнө арналган ачык тарбиялык сааттар энелердин катышуусу менен өткөрүлүп, энелер балдарынын өнөрлөрүнө күбө болуп, маанайлары ачылды.
Ар бир класста ати-энелер жыйналышы өтүлүп, балдардын тартиби, сабакка катышуусу, жетишүүсү боюнча класс жетекчилердин биллирүүлөрү болду.
Апрель айында болуп жаткан кырдаалга байланыштуу балдардын жүрүш турушун сабакка болгон кызыгуусун көзөмөлгө алуу ар бир предметтик мугалимге, класс жетекчилерге тапшырылды.
ИДН кызматкери Аманов Замир жана соцпедагогдун катышуусунда рейд жүргүзүлүп, тийнштүү окуулулардын ата-энелерине жолугун, балдарынын тартиби жонүндө үйдөн катуу көзөмөлгө алууга милдеттендирилди.